# Ак тилек

Эй, эй, адамдар,
Каалаганым амандык.
Тынчтык болуп өлкөмдө,
Болбосо экен жамандык,
Болбосо экен касчылык.
Кайырма:
Биздин заман — нур заман,
Ушул заман — гүл заман.
Ден соолугуң болбосо,
Бул заманда эң жаман.
Ой, ой, адамдар,
Күлүп өмүр сүргүлө.
Өмүр кургур бир келет,
Жашоо баркын билгиле.
Ой, ой, адамдар,
Каалаганым ден соолук.
Ден соолугуң болбосо,
Калдың дей бер кор болуп.
Биздин заман — нур заман,
Ушул жыргал, гүл заман.
Ынтымагың болбосо,
Бул заманда эң жаман.
Түндүк, түштүк болбойлу,
Баарыбызга тең заман.